DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Ураимов Ш., Матаева Г.Ж.*

# ЧЕТ ӨЛКӨДӨГҮ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН САНЖЫРАСЫ

*Ураимов Ш., Матаева Г.Ж.*

# РОДОСЛОВНАЯ КЫРГЫЗСКИХ ПЛЕМЕН ЗА РУБЕЖОМ

*Sh. Uraimov, G. Mataeva*

# THE PEDIGREE OF KYRGYZ TRIBES ABROAD

*УДК: 947.1 (575.2)(043.3)*

*Эмгекте автор санжыранын башка оозеки элдик чыгармачылыктан айырмасын ачып берүүгө аракет жасайт. Азыркы мезгилде кыргыз» элинин этногенези жана этникалык тарыхы изилденип аныкталгандыгы жана алардын бири А.Н. Бернштамдын кыргыздардын Тянь-Шаньдан келиши 1300-1400 жылга таандык жана көп типтүү болгон деген гипотезасын өнүктүрүүгө жана чечмелөөгө байланышкандыгы белгиленди. Тейит уруусунун басымдуу көпчүлүк бөлүгү «Эр төштүк», «Манас» сыяктуу эпостордо ичкилик уруулары толук жолуга тургандыгын байкоого болот. Кийинки Адигине, Тагайдын тукумунан пайда болгон Солто, Сарбагыш, Бугу, Саяк, Бөрү, Жору, Баргы, ж.б.у.с. уруулар ал эпостордон учурабайт. Дал ушундай эле, ичкилик уруулары эң эски уруулар экени билинери баяндалды. Санжыранын негизинде бир катар алгач белгисиз болгон тарыхый окуялар жана тарыхый инсандар жөнүндө маалыматтар берилет.*

***Негизги сөздөр:** санжыра, уруулар, элдик этимология, ичкилик, жер, суу, бутак, тарых, тарыхый окуялар.*

*В данной статье автор старается раскрыть отличие родословий от другого устного народного творчества. В настоящее время этногенез и этническая история кыргызского народа изучены и идентифицированы. Было отмечено, что А.Н. Бернштам связан с развитием и интерпретацией генотипа кыргызов, что перекресток Тянь-Шаня восходит к 1300-1400 годам и был очень типичным. Видно, что подавляющее большинство племени Тейит встречается в эпосах, таких как «Эр Тоштук», «Манас». Следующие Адигине, Солто, Сарбагыш, Бугу, Саяк, Бору, Джору, Баргы и другие произошли от потомков Тагая: Такие племена в этих эпосах не фигурируют. Точно так же сообщается, что племена ичкилик, как известно, являются самыми древними племенами. На основе генеалогии предоставляется информация о ряде первоначально неизвестных исторических событий и исторических личностях.*

***Ключевые слова:** генеалогия, племена, народная этимология, алкоголь, земля, вода, ветвь, история, исторические события.*

*In this article, the author tries to reveal the difference between genealogies and other oral folk art. Currently, the ethnogenesis and ethnic history of the Kyrgyz people have been studied and identified. It was noted that A.N. Bernshtam is associated with the development and interpretation of the Kyrgyz genotype, that the Tien Shan crossroads dates back to 1300-1400 years and was very typical. It can be seen that the overwhelming majority of the Teyit tribe is found in epics such as "Er Toshtuk", "Manas". The following Adigine, Solto, Sarybagysh, Bugu, Sayak, Boru, Joru, Bars and others descended from descendants of Such: Such tribes do not appear in these epics. Similarly, it is reported that the Ichkilik tribes are known to be the oldest tribes. Based on genealogy, information is provided about a number of initially unknown historical events and historical figures.*

***Key words:** genealogy, tribes, folk etymology, alcohol, land, water, branch, history, historical events.*

Арык Тейит - Тейит уруусунун курамындагы ири урук. Элдик этимология боюнча Арык Мамат деген адамдан тарагандар кийин тейит уругу деп аталып кетишкен.

Арык деген сөздүн мааниси.

I. Табигый же жасалма суу нугу, арык. Сууну бөлүштүрүү жана керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Жасалма канал, чоң арык, чарба ичиндеги майда сугат тармактары да жалпысынан арык деп аталат.

II. Бул термин кыргыз тилинде «аруу», «таза» маанисин да туюнтат.

Хакас тилинде бул термин эки маанини туюнтары маалым. Биринчиси: 1. Дарыянын ортолугунда пайда болгон арал; 2. Аралда өскөн өсүмдүк, бак-дарактар. Экинчи мааниси: 1. Тунук; 2. Ыйык.

Монгол тилинде (монг. ариг) «таза», «тунук», «жакшы» дегенди аныктайт. Кыргыздар менен этностук жакындыгы аныктаган сары уйгурларды «арык» сөзү таза деген мааниде башка «кытайлардын бийлигин тааныган түрк тилдүү мусулмандар» дегенди түшүндүрөт. Арык атынын уңгусу ар. Енисей боюнда XVIII кылымдарда арин аттуу эл жашаган, алар динлиндердин урпактары. Арин жана арык бул бир аттын башкача формалары болуп саналат. Ариндер ара формасында алтай жана хакас элдеринин курандагы сөөк. Этнонимдин паралеллдери өзбектерде (кыркмен-жүз) арык, коңураттарда – арик, түркмөндөрдө (эрсары, теке, емут, салыр, човдур) – арык, арыктар формасында кездешет. Кыргыз урууларында саруу уруусунун куранында - арык, бугу уруусунун куранында арык тукумунун адигене уруусунун куранында - арык деген ийри уруктар тобу белгилүү.

Арык уруунун Н.А. Аристов енесай кыргыз динлиндик деп жазат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



XVIII кылымда арыктар өз алдынча урук болгондугу, кийинчерээк кыргыздын бугу уруусунун курамына киргендигин окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө белгилешет.

Эгерде аталган фактыларга таянсак, анда тейит уруусунун курамындагы *Арык-Тейит* уругу жогоруда аталган уруу, уруктар менен этногенездик жана тарыхый байланыштары бар болушу мумкун.

Тейит уруусунун Арык-Тейит уругу *Асан, Атаке, Көкүл* деген урук бөлүкчөлөрүнө бөлүнөт. Асан - газатар (каз атар) тобу, атаке деген топторго ажырайт.

Азыркы убакта Арык-Тейит уругунун өкүлдөрү негизинен Ош облусу, Ноокат району, Кулатов айыл округунун Арык-Тейит, Бел айыл округунун Кайрагач, Жаңы-Ноокат айыл округунун Кызыл-Тейит айылдарында, Жалал-Абад облусу, Сузак районун Ырыс айыл округунун Тейит айылында, Баткен облусунун Лейлек районунун Кольцо жана башка айылдарында, ошондой эле Өзбекстандын Ханабад, Куба шаарларында жашашат жана азыркы мезгилде Швецияда жашаган Арык-Тейит тургундары бар экендиги изилденүүдө. Ошондой эле Тейит уруусундагы Айтемир баатырдын урпактары Каратуума уруулары изилденип жазылып жатат. Мисалга алганда: **3** 1922-жылы Каратуума уруусундагы Молдомурат молдо Осмон азыркы Ноокат шаарындагы мечитинин имам хатиби болуп иштеген. 1921-22-жылдардагы жер-суу реформасы жүргөн мезгилде буларды молдосун деп кулака тартып буларды куугунтуктай баштаган. Ошого байланыштуу 1922-жылы күз айларында молдо Осмон менен молдо Мурат Кашкарга качып жөнөшөт. Молдо Осмон 4 баласы менен аялын алып кетет. Кашкарда жашоого мүмкүнчүлүк болбогондуктан Кашкардан 1923-жылы кайра кайтып келишет. Мына ошентип молдо Мурат менен молдо Осмонду эл душманы деп куугунтуктай баштайт, ошол себептен 1924-жылы кайрадан Кашкарга качып жөнөшөт. Өзү менен кошо Турдалы максым, молдо Мурат, молдо Осмондор менен чогуу жөнөйт. 1926-жылга чейин Кашкардагы мечиттин имам хатиби болуп иштеп 1927-жылдын күз айларында кайрадан Кожо-Арык айылына кайтышып келет. Кайтып келгенден кийин 1927-жылы Оштогу түрмөгө молдо Мурат менен молдо Осмонду түрмөгө отургузушат. 1928-жылы молдо Мурат дүйнөдөн кайтып, молдо Осмонду бизди итап кылды деп түрмөдөн башка жака которуп кеткен. Ошол бойдон дареги жок.

1924-жылы молдо Осмон жана молдо Мурат менен кошо кеткен Турдали максым Кашкарда отурукташып калат. Турдали максым эң сабаттуу жана ыр жазган инсан катары эсептелинген, анын ыр саптарында төмөнкүдөй ыр саптары мисал келтирилет:

Рабия, Назира эжелерим аманбы
Рахман Патийдин укаларим аманбы
Тейит Төөлөс деген эки уруу жерим бар

Кара_тума ай темир менин туулуп өскөн жерим бар - деп Турдали максым өз жерин сагынганда ушинтип ырдачу экен.

1957-жылы Кашкардан кайтып Кожо-Арыка келе жаткан мезгилде, Кашкардын Жаңысар деген районунун Кызыл деген жеринде каза болуп, ошол жерге сөөгүн берген. Азыркы мезгилде Турдали максымдын Данияр каары, Махамат каары деген адамдар анын күмбөзүн көзөмөлдөп, келгендер зыярат кылып кетип турушат. 2005-жылы Турдали максымдын баласы Турдалиев Мусаипжан Кашкардагы Кызыл деген жерге барып атасынын күмбөзүнө зыярат кылып келген.


Бул Тейит уруусу жөнүндөгү санжыраны изилдөөдө Кулатов айыл өкмөтүнүн тургуну санжырачы Мурзакматов Аваз баяндап берген. Ошондой эле санжырачы Паязова Төпа азыркы мезгилде Османалиева көчөсүндөгү № 85 үйдүн Караван айылынын тургуну болуп эсептелинет. Паязова Төпа Тейит уруусунун Каратума уруусунун санжырасын оозеки түрүндө айтып, санжырачы катары эсептелинет.

Токторов Мыйзам Тейит уруусунун санжырасын топтом жыйнагын даярдаган жана Кадыралы Раевтер Тейит уруусунун Каратума уруусунун генеалогиялык таблицасын оозеки түрдө айтып берген. Азыркы мезгилде Каратума уруусунун схемасы, анын тарыхы иликтенүүдө.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Арык тейит уруусу




Бүгүнкү күндө кыргыздардын этникалык тарыхтарын изилдөөдө негиз салгандар деп орустун илимпоздорун белгилөөгө болот, анткени, алар изилдөөлөрдү иштеп чыгууга орчундуу салым кошушкан. Алардын ичиндс XVIII кылымдын окумуштуулары П.И. Рычковду жана академик В.Н. Татищевди, ошондой эле капитан И.Г. Андреевди жана башкаларды атоого болот. Кошумчалай кетчү нерсе бул, Ф. Ефремов 1770-жылдардын акыркы жылдарында кыргыздар көчүп жүргөн аймактарда болуп. мындай деп билдирген: «Ушундан (Түштүк Кыргызстандын территориясындагы азыркы Ош шаары – *С.А.*) Кашкарыга (б.а. Кашкарга – *С.А.)* чейин 13 күндүк жол. Ош менен Кашка-Дарыя ортосунда тоолордо кыргыздар көчүп жүрүшөт»

Бул маселелерди иликтеп чыгууда XIX к. изилдөөчүлөрү Н.Я. Бичурин, А.И. Левшин, Ч.Ч. Валиханов, академик В.В. Радлов жана Н.А. Аристовдор, ал эми совет мезгилинде Г.Е. Грумм-Гржимайло академик В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам жана башка окумуштуу илимпоздор салым кошушкан XIX к. Н.Я. Бичурин, Ч.Ч. Валиханов, Н.А. Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрү ушундай көз караштa турушкан. Акыркы мезгилде бул маселе боюнча Ч.Ч. Валиханов тарабынан айтылган бир катар ой жүгүртүүлөрдөн А.Х. Маргулан: IX-X кылымдарда кыргыздардын саясий бирлигинин борбору Урумчу шаарынын аймагында жана Турфандын түндүк тарабында жайгашкан деген корутунду чыгарат. Бул жактан кыргыздар ар түрдүү багыттарда көчүп жүрүшкөн. Тянь-Шань тарапка көчкөндөрдүн кээ бир күчтүү топтору ушул аймакта калып, бул жерде пайда болгон элге кыргыз деген ат коюшкан. Кыргыздардын негизги уюткусу байыркы мезгилден бери эле Кыргызстандын азыркы территориясында жашап келген деген пикирди А.Хасанов жана кыргыз элинин этногенези боюнча жогоруда эскертилген илимий сессиясынын башка катышуучулары колдошкон.

Бул изилдөөлөр бир кыйла кеңейтилген негизде 1953-1955-жылдарда СССР Илимдер акадсмиясыныи жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кыргыз этгнографиясынын кызматкерлери тарабынан улантылат. 1954-1955-жылдарда СССР академиясынын Чыгыш институтунун Ленинград бөлүмү тарабынан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чыгыш авторлорунун тарыхый географиялык изилдөөлөрүндө үзүндүлөрдү орус тилинде изилдеп үйрөнүү иштери жүргүзүлгөн.

Азыркы мезгилде кыргыз» элинин этпогенези жана этникалык тарыхы изилденип аныкталды. Алардын бири А.Н. Бернштамдын кыргыздардын Тянь-Шаньдан келиши 1300-1400 жылга таандык жана көп типтүү болгон деген гипотезасын өнүктүрүүгө жана чечмелөөгө байланышкан.

Тейит уруусунун басымдуу көпчүлүк бөлүгү «Эр төштүк», «Манас» сыяктуу эпостордо ичкилик урууларды толук жолуга тургандыгын байкоого болот. Кийинки Адигине, Тагайдын тукумунан пайда болгон Солто, Сарбагыш, Бугу, Саяк, Бөрү, Жору, Баргы, ж.б.у. сыяктуу уруулар ал эпостордон учурабайт. Дал ушундай эле, ичкилик уруулары эң эски уруулар экени билинет. Ичкилик урууларынын негизгилери: Канды, Төөлөс, Тейит, Найман, Жоокесек, Бостон, Нойгут, Кыпчак, Ават. Кыргыз этнографиясын изилдеп жүргөн С.М. Абрамзон буларга онунчу кылып Кесекти кошот. Бирок, Жоокесек менен Кесек бир эле уруулар. XIX кылымдагы орус саякатчыларынын айрымдарынын ичкиликтерге жогоруда айтылгандардан башка Кыдырша, Оргу, Кара Саадак деген урууларды да кошкон. **6** Ошол мезгилдеги айрым кыргыз санжырачылары, ичкиликтерди өз ара оң, сол болуп бөлүнө турганы жөнүндө да маалыматтарды берген. Мунун өзү урууларды оң сол деп бөлүү, согушка байланыштуу чыкканын дагы бир жолу далилдейт. Анткени, ичкиликтер, кийинки оң, сол уруулары пайда боло электе өз ара оң, сол болуп бөлүнгөн болсо, демек, мурда да ошондой зарылчылык болгон. Түндүк санжырачылары, ичкиликтердин ич ара бөлүнүшүп, жайгашкан жерлерин толук билишпейт, бир болгону ичкиликтер Ферганада, Анжиянда деп коюшат. Түндүк Кыргыздарда, уруу топторунда жолуккан Кыпчак, Тоолос, Нойгуттар жөнүндө сурап калсаң Ферганада, Анжияндан келген деп калышат. Кыргыздын ичкилик уруулары негизинен Өзбек, Тажик, Ооган элдери менен чектеш жагында жайгашкан.

Азыркы территориялык бөлүнүш боюнча караганда – Кара Суу, Араван, Ноокат, Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорунда. Бирок, муну менен Кыргызстандын башка райондорунда ичкилик уруулары жок деп айтууга болбойт. Көл жээгиндеги Төөлөстөр-Ноокаттагы Төөлөстөрдөн, калмактар кыргыз жеринен сүрүлгөндө келген деген уламыш айтылат.Ал эми, Ноокаттагы Төөлөстөрдүн байыркы Алтайтагы Төөлөстөр менен байланышы бардыгына шек кылууга болбойт. Алтайда, Орхон-Енисей сууларынын боюнда Төөлөстөр таштагы жазууда Төөлөс деп берилген.

**Адабияттар:**


1. Айтымбетов О. «Улуу баатыр баяны» аттуу (Ала Тоо журналы №3 1990-ж).
2. Кадырали Раев, Айтемир баатыр же жазма санжыра, Кызыл-Кыя шаары, 1997-ж. 22-б.
3. Паязова Төпа Санжырачы Караван айылынын Осмоналиева көчөсүнүн №85 үйдүн жашоочусу.
4. Көчкөнбаев Азим Кулатов айыл өкмөтүнүн тургуну оозеки санжырачы.
5. Көчкөнбаев Азим Кулатов айыл өкмөтүнүн тургуну оозеки санжырачы.
6. Абрамзон С.М.Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1999-ж. 11.12.б.
7. Закиров С. «Кыргыз санжырасы» Б., 2016-ж. 230-231-б.
8. Ураимов Ш.У., Мапаев Б.А. Ичкиликские кыргызы в кыргызской санжыре. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 11. С. 97-100.
9. Ураимов Ш. Санжыра (легенда) как объект исторического исследования. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 7. С. 279-282.
10. Ураимов Ш. Сведения об исторических событиях и исторических личностях в санжыре (легенде). Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 7. С. 287-289